Жунушова Сайкал Орозовнанын 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги” аттуу темадагы диссертациясына илимий консультантынын

## ПИКИРИ

Диссертациялык иштин актуалдуулугу негизинен, Кыргызстан жаштарынын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн калыптануу механизмдерин жана факторлорун изилдөө бүгүнкү күндүн талабы болуп саналгандыгында десек болот. Социология илиминин алкагында глобалдык, маалыматтык коомдун шартында жаштардын калыптануу көйгөйүн изилдөөгө байланышкан бир катар актуалдуу маселелер каралууда, ошолордун катарында жаштардын позитивдүү социалдык иденттүүлүгү калыптанышы өзгөчө көйгөйлөрдүн бири. Азыркы учурда коомдогу өнүгүү бир жагынан илимий-техникалык, маалыматтык жетишкендиктер менен мүнөздөлсө, экинчи жагынан иденттүүлүктүн салттуу формалары бузулуп, ошол эле учурда жаңы баалуулуктардын формасы, мүнөзү, мааниси так, даана калыптана элек. Мындай коомдук кубулуш жаш муундун турмуштук стратегияларынын калыптануу процессинде, ошондой эле жаштардын кесиптик, жарандык, диний, субмаданияттык, этникалык, диний, регионалдык жана башка окшоштуктарынын, иденттүүлүгүнүн калыптануу контекстинде өзгөчө курч байкалууда. Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгү татаалдыгы жана карама-каршылыгы менен айырмаланат. Мурдатан мураска сакталып, калыптанып келген иденттүүлүктүн формалары менен камсыз болгон жаштардын өзүнүн “мен” деген сезими башка типтеги иденттүүлүктүн формалары менен алмашып, калыптанып, кээ бир окшоштуктардын жок болушуна алып келүүдө. Азыркы учурда теориялык, практикалык изилдөөлөрдүн негизинде иштелип, иликтенип, бул теманы толук чагылдырган илимий эмгектер жокко эсе. Ошондуктан, заманбап кыргызстандагы жаштардын иденттүүлүгүнүн калыптанышына арналган социологиялык илимий көз караштагы иштердин жетишсиздиги ушул теманын үстүнөн иштөөгө көбүрөөк түрткү берди.

Диссертациялык иштин объектиси Кыргыз Республикасынын жаштары өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары, учурда өзүн-өзү социалдык аныктоонун, өзүн курчап турган чөйрөгө, коомго, өзүнө болгон мамилеси менен биргеликте эсептелинет.

Ал эми изилдөө предмети - бул маалыматтык коомдун жана глобалдык модернизация процесстеринин шарттарында Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн калыптануу өзгөчөлүктөрү, тенденциялары жана

факторлору. Жаштар саясаты стихиялуу эмес, системалуу уюштурулушу керек. Ал укуктук, идеологиялык жана институтционалдык механизмдерге негизделиши керек. Жаштардын социалдык позитивдүү иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессинде, биринчиден, бул мыйзамдык жактан жаштардын ишкердүүлүк, билим алуу, кесип тандоо жана башка укуктарын колдоо жана мамлекеттик атайын көзөмөл системасын иштеп чыгуу керектиги абзел. Мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашырууда тигил же бул деңгээлде ар кандай мамлекеттик жана тармактык программалар иштелип чыгып, анын негизинде жаштар менен иштөө жөнгө салынса болот.

Жалпысынан алганда, диссертант алдына коюлган максаттарын ишке ашыра алды жана Жунушова Сайкал Орозовнанын “Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги” атуу темадагы 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин доктору илимий даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы толук жетиштүү деңгээлдеги илимий изилдөө болуп саналат.

Диссертациялык изилдөөлөрдүн үстүндө иштеп жаткан мезгилде Сайкал Орозовна өзүнүн алдына коюлган максатка умтулган, илимий иштерди аткарганга жөндөмдүү, чыгармачылык менен иштегендигин көрсөттү. Белгилеп кетүүчү нерсе дисертациялык иштин аткарууда, изденүүчү өзүнүн теориялык жана практикалык жактан мыкты даярдыгы бар экендигин толук көрсөтө алды, 30 ашык илимий макалаларды чыгарды, алардын ичинен 8 чет өлкөлүк басылмаларда жарык көрдү, 2 макала Scopus платформасына кирген абройлуу журналдарда (Q2) менен жарык көрдү.

Жалпылап айтканда “Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги” аттуу темага жазылган диссертациялык эмгек бардык талаптарга шайкеш келет, ал эми илимий иштин автору Жунушова Сайкал Орозовна (22.00.04- социалдык тузүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги) боюнча социологиялык илимдердин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга толук мүмкүн.

**Илимий консультант,**
**саясий илимдердин доктору, профессор** **М.М. Мадалиев**

М. М. Мадалиевдин колун тастыктайм.
Кызматкерлерди башкаруу бөлүмүнүн башчысы Абдурахманова